КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА
БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИСН: 01704199610123

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ
ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ
РЕФЕРЕНДУМОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: 620821; факс: 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: cec@shailoo.gov.kg
ИНН: 01704199610123

№ 04-1-14/479 «03» 05 2021

Сизд.чыг. (На) №__________ «____» __________20__

**«Айкөл» саясий партиясы**
**Талас шаары,**
**Бердике Баатыр к., 301**
Тел.: 0707 254 444

Сиздин Талас шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын «Ыйман Нуру», «Ынтымак», «Ата-Журт Кыргызстан», «Улуу-Журт», «Социал-демократтар» саясий партияларынын даттануусу жөнүндөгү 2021-жылдын 13-апрелиндеги № 23 чечимин жокко чыгарып, Талас шаары боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктарын жокко чыгаруу жөнүндөгү арызыңызды карап чыгып Кыргыз Республикасында шайлоо жана референдум өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка катышуучуларынын арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча Жумушчу топ төмөнкүлөрдү билдирет.

Талас шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын аталган чечими 2021-жылдын 13-апрелинде кабыл алынган, Сиздер тараптан арыз 2021-жылдын 19-апрелинде келип түшкөн.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43-беренесинин 8-бөлүгүнө ылайык, арыздар (даттануулар) шайлоо процессинин субъектине анын шайлоо укуктары бузулгандыгы, чечимдер кабыл алынгандыгы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалгандыгы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз, бирок 3 календардык күндөн кечиктирилбестен берилет.

Аталган берененин 13-бөлүгүнө ылайык «Арыздарды (даттанууларды) берүүнүн мөөнөттөрү калыбына келтирүүгө жатпайт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөрү аяктагандан кийин арыздар (даттануулар) кабыл алынбайт. Арызды (даттанууну) берүү мөөнөтүнүн өтүшү чечим кабыл алынган күндөн, аракет (аракетсиздик) жасалган күндөн кийинки күнү башталат».

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Жумушчу топ Сиздин арызыңызды кароодон баш тартылгандыгы жөнүндө билдирет.

**Урматтоо менен,**

**Жумушчу топтун жетекчиси** **А. Асаналиев**

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН
ЭЛЕКТРОННОЙ ЦИФРОВОЙ ПОДПИСЬЮ

rU GP rf ve LS xL KV BK tl bs Bo TB zo 0I Pm Pn
ZD M7 AE KY ZQ X6 VG zH gm ep h5 gN o4 fE 31
Владелец: Алыбаева Чынара Бердишалиевна
Действителен: с 18.11.2020 по 18.11.2021